КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

01-июль 2025-жыл № 23 Совет айылы

**"Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Коткор айылына жаңы мазар үчүн жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4, 30, 32-беренелеринин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 18-беренесинин негизинде калктын муктаждыктарын камсыз кылуу жана санитардык талаптарды сактоо максатында, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү IX-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Коткор айылындагы учурдагы мазар толуп калгандыгына байланыштуу, жаңы мазар үчүн жалпы аянты 10 гектар жер тилкеси Коткор айылындагы коомдук пайдалануудагы жер катары бөлүп берүү жагы жактырылсын.

2. Жер тилкесинин так чек араларын белгилеп, жерге жайгаштыруу документтерин даярдоо, санитардык-экологиялык талаптарды сактоо боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар макулдашуу иштерин жүргүзүү жер адис А.Акматкуловго тапшырылсын.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

Төрага С.К.Сатаров